Корутунду. Чынгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» чыгармасын класстан тышкаркы иштерде компетенттүүлүккө негиздеп үйрөтүү окуучулардын текстти терең түшүнүүсүнө, сынчыл ой жүгүртүүсүнө жана чыгармачылыгынын өнүгүшүнө жардам берет. Окутуу процессинде заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу окуучуларды активдүү үйрөнүү процессине тартууга шарт түзөт. Долбоордук метод, театралдаштырылган иш-чаралар жана санариптик технологиялар сабактарды кызыктуу жана натыйжалуу өткөрүүгө, чыгарманы теориялык жактан гана эмес, турмуштук көз караштан да терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле компетенттүүлүккө негизделген ыкмаларды колдонуу окуучулардын социалдык жана маданий аспектилерге карата сезимталдыгын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мектеп мугалимдери окуучуларга теориялык билим берүү менен гана чектелбестен, класстан тышкаркы иштер аркылуу алган билимдерин практикада колдонуу жөндөмүн да өнүктүрүүгө тийиш. Класстан тышкаркы иштер актуалдуу темаларды жана көйгөйлөрдү изилдөө аянтчасына айланып, окуучулардын алган билимдерин турмуштук кырдаалдар менен байланыштыруусуна шарт түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Т. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы. – Бишкек : Бийиктик, 2008.
2. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр : 3 томдук. – Бишкек : Кут-Бер, 2018.
3. Батаканова С. Т. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери : пед. илим. д-ру дис. автореф. – Бишкек, 2011. – 42 б.
4. Жалилова С. Б. Влияние народных достояний на формирование экологической культуры младших школьников // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Т. 2, № 1. – С. 100–104.
5. Заилова Ж. Ж., Эрмекбек кызы А., Матисманова А. Y. Использование элементов этнопедагогики в экологическом образовании на уроках чтения в начальных классах // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – Т. 1, № 2 (22). – С. 21–27.
6. Музулманов М. У. Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы. – Бишкек, 2019.
7. Муратов А. Ж. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу. – Бишкек, 2009. – 116 б.
8. Орозакунов Ш. Вопросы сюжетно-композиционного построения повестей Ч. Айтматова : дис. ... канд. филол. наук. – Фрунзе, 1982. – 170 с.
9. Чудинова В. П. Чтение детей и подростков в России : проблемы и перспективы // Школьная библиотека. – 2003. – № 8. – С. 46–53.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Саттарова А.Т.

УДК:338.26.034
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-127-133

Кармышакова И.П.
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Баткен региондук көп тармактуу институту
Кармышакова И.П.
Баткенский региональный многопрофильный институт КНУ имени Жусупа Баласагына
Karmyshakova I.P.
Batken Regional Multidisciplinary Institute of Jusup Balasagyn KNU

ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН «АК КЕМЕ» ПОВЕСТИН ОКУТУУДАГЫ АДЕП-АХЛАК МАСЕЛЕЛЕРИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ
ОТРАЖЕНИЕ НРАВСТВЕННО-ЭТИЧЕСКИХ ПРОБЛЕМ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «БЕЛЫЙ ПАРОХОД»
REFLECTION OF MORAL AND ETHICAL ISSUES IN TEACHING CHINGIZ AITMATOV'S NOVELLA «THE WHITE SHIP»

Кыскача мүнөздөмө: Чынгыз Айтматовдун көрүнүктүү чыгармаларынын бири болгон «Ак кеме» повестин окутуу процессинде адеп-ахлак маселелеринин чагылдырылышы — бүгүнкү күндөгү педагогика жана адабият таануу тармактарындагы актуалдуу маселелердин бири. Макалада повесттеги каармандардын образдары аркылуу адеп-ахлактык баалуулуктардын калыптанышы, адамдын жаратылышка жана коомго болгон мамилесинин чагылдырылышы талдоого алынат. Изилдөөдө повесттин башкы каарманы — ата-энесинен алыста, чоң атасы Момундун колунда өскөн баланын тагдыры, анын кыялындагы ак кемеге болгон ишеними, жашоодогу адилетсиздикке жана ырайымсыздыкка каршы турушу аркылуу окуучуларды мекенчилдикке, гуманизмге, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү каралат. Ошондой эле повесттеги Орозкул, Момун чал, Сейдакмат сыяктуу каармандардын жүрүм-турумундагы адеп-ахлактык өксүктөрдүн себептери талданып, алардын иш-аракеттеринен келип чыккан кесепеттер окуучулар үчүн адеп-ахлактык сабак катары каралат. Макалада «Ак кеме» повестин окутуунун интерактивдүү методдору, талкуулоо үчүн суроолор, дебаттар, ролдук оюндар жана чыгармачылык тапшырмалар сунушталат. Бул методдор окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө, өз оюн эркин билдирүүгө, адеп-ахлактык түшүнүктөрүн тереңдетүүгө жана чыгарманын идеялык мазмунун толук түшүнүүгө жардам берет. Изилдөөнүн жыйынтыгында «Ак кеме» повестин окутуу аркылуу окуучулардын аң-сезиминде адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруу, аларды инсан катары өстүрүү жана коомго пайдалуу жаран кылып тарбиялоо мүмкүн экендиги көрсөтүлөт. Бул маселелерди изилдөө мектептеги адабият сабактарын тереңдетүү жана жаштардын руханий дүйнөсүн байытуу максатында өзгөчө мааниге ээ. Ошондой эле чыгарманын азыркы билим берүү процесси үчүн тарбиялык мааниси жана аны мектепте окутууда өспүрүмдөрдүн адептик тарбиясын калыптандыруунун натыйжалуу усулдары каралат.

Аннотация: Отражение нравственно-этических проблем при изучении повести «Белый пароход» — одного из выдающихся произведений Чингиза Айтматова — является одной из актуальных проблем современной педагогики и литературоведения. В статье анализируются формирование нравственных ценностей через образы героев повести, а также отражение отношения человека к природе и обществу. В исследовании рассматриваются судьба главного героя — мальчика, растущего вдали от родителей под опекой своего деда Момуна, его вера в Белый пароход из своих мечтаний, противостояние несправедливости и жестокости жизни, а также возможности воспитания у учащихся патриотизма, гуманизма и бережного отношения к окружающей среде посредством изучения произведения. Анализируются причины нравственных недостатков, проявляющихся в поведении таких персонажей, как Орозкул, старик Момун и Сейдакмат, а последствия их поступков рассматриваются как нравственные уроки для учащихся. В статье предлагаются интерактивные методы изучения повести «Белый пароход»: вопросы для обсуждения, дебаты, ролевые игры и творческие задания. Данные методы способствуют развитию критического мышления учащихся, умения свободно выражать своё мнение, углублению их нравственных представлений и более полному пониманию идейного содержания произведения. В результате исследования показано, что изучение повести «Белый пароход» способствует формированию нравственных ценностей в сознании учащихся, их личностному развитию и воспитанию как граждан, способных приносить пользу обществу. Исследование данных вопросов имеет особое значение для углубления изучения литературы в школе и обогащения духовного мира молодёжи. Кроме того, рассматриваются воспитательное значение произведения для современного образовательного процесса и эффективные методы формирования нравственных качеств подростков при его изучении в школе.

Abstract: The reflection of moral and ethical issues in teaching «The White Ship», one of Chingiz Aitmatov's outstanding novellas, is a relevant topic in contemporary pedagogy and literary studies. The article analyzes the formation of moral values through the characters of the novella, as well as the representation of human attitudes toward nature and society. The study examines the fate of the main character, a boy growing up away from his parents under the care of his grandfather Momun, his belief in the White Ship of his dreams, his resistance to injustice and cruelty in life, and the potential of the work to foster patriotism, humanism, and respect for the environment among students. It also analyzes the causes of moral shortcomings manifested in the behavior of such characters as Orozkul, old man Momun, and Seydakmat, while the consequences of their actions are considered moral lessons for students. The article proposes interactive methods for teaching «The White Ship», including discussion questions, debates, role-playing activities, and creative assignments. These methods contribute to the development of students' critical thinking, their ability to express their opinions freely, a deeper understanding of moral concepts, and a more comprehensive understanding of the ideological content of the work. The study shows that teaching «The White Ship» can contribute to the formation of moral values among students, their personal development, and their growth into responsible members of society. The study of these issues is particularly important for enhancing literature education at school and enriching the spiritual world of young people. In addition, the article considers the educational significance of the work for the contemporary educational process and effective methods for fostering moral qualities in adolescents through its study at school.

Негизги сөздөр: Чынгыз Айтматов; адеп-ахлак; билим берүү; тарбия; адеп-ыйман; баалуулуктар; усул; гуманизм; повесть; философия; реализм; диалог.

Ключевые слова: Чингиз Айтматов; мораль; образование; воспитание; нравственность; ценности; метод; гуманизм; повесть; философия; реализм; диалог.

Keywords: Chingiz Aitmatov; morality; education; upbringing; ethics; values; method; humanism; novella; philosophy; realism; dialogue.

Киришүү. Чыңгыз Айтматов — кыргыз адабиятынын гана эмес, дүйнөлүк адабияттын да көрүнүктүү өкүлү. Анын чыгармаларында адам менен табияттын, жакшылык менен жамандыктын, адептүүлүк менен адепсиздиктин ортосундагы карама-каршылыктар курч чагылдырылып, окурмандарды терең ой жүгүртүүгө, руханий жактан тазалануруга үндөйт. Жазуучунун калеминен жаралган ар бир чыгарма, анын ичинде «Ак кеме» повести да адеп-ыймандык маселелерди козгоо аркылуу окурманга өзүнчө сабак тартуулайт.

«Ак кеме» — Айтматовдун эң белгилүү жана таасирдүү чыгармаларынын бири. Повестте чоң атасы Момундун колунда тарбияланган баланын тагдыры, анын кыялындагы ак кемеге болгон умтулуусу, жаратылыш менен болгон байланышы аркылуу адамдык асыл сапаттар, табиятка болгон аяр мамиле, жакшылык менен жамандыктын, калп менен чындыктын карама-каршылыгы сыяктуу түбөлүктүү баалуулуктар көркөм чагылдырылат.

Бул илимий макалада «Ак кеме» повестин окутуу процессинде адеп-ыймандык маселелердин чагылдырылышы, чыгарманын жаштарды тарбиялоодогу ролу, андагы каармандардын образдары аркылуу берилген тарбиялык идеялар талдоого алынат. Ошондой эле повестти окутуунун окуучулардын аң-сезимине, алардын дүйнөгө болгон көз карашынын жана адеп-ахлактык түшүнүктөрүнүн калыптанышына тийгизген таасири изилденет.

Макаланын актуалдуулугу азыркы учурда жаштардын адеп-ыймандык баалуулуктарын калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу зарылчылыгы менен шартталат. «Ак кеме» повести жаш муунду жаратылышка аяр мамиле кылууга, адамгерчиликтүү болууга, жакшылык менен жамандыктын айырмасын аңдап билүүгө үндөгөн көркөм чыгарма катары бүгүнкү күндө да өзүнүн тарбиялык маанисин жоготпой келет.

Изилдөөнүн максаты: Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги адеп-ыймандык маселелерди талдоо, чыгарманын жаштарды адеп-ыймандык жактан тарбиялоодогу ролун аныктоо

жана повестти окутууда анын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу пайдалануунун жолдорун көрсөтүү.

Изилдөөнүн милдеттери: Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестинин адеп-ыймандык маанисин теориялык жактан негиздөө; повестте көтөрүлгөн жакшылык менен жамандыктын, чындык менен калптын карама-каршылыгын, адамгерчилик, руханий тазалык жана табиятка аяр мамиле кылуу маселелерин талдоо; каармандардын образдары аркылуу берилген тарбиялык идеяларды аныктоо; чыгарманы окутууда колдонулуучу усулдардын тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү.

Изилдөөнүн методдору: теориялык талдоо, көркөм текстти талдоо, салыштырма талдоо жана педагогикалык байкоо методдору.

Негизги мазмуну: Чыңгыз Айтматов — кыргыз адабиятынын дүйнөгө таанылган классиги, дүйнөлүк деңгээлдеги гуманист жазуучу. Анын чыгармаларында адам жана табият, руханий дөөлөттөр, адеп-ахлак, коомдук жоопкерчилик сыяктуу темалар маанилүү орунду ээлейт. «Ак кеме» повести — жогорку көркөм деңгээлде жазылган, философиялык тереңдикке ээ чыгарма. Повесттеги баланын трагедиялуу тагдыры аркылуу автор коомдогу адептик нормалардын бузулушу, жалганчылык, зомбулук сыяктуу терс көрүнүштөрдү сынга алат. Аталган чыгарма мектеп программасына кирип, адабият сабагында окутууда гана эмес, тарбиялык максатта да маанилүү орунду ээлейт. Айрыкча бүгүнкү күндө жаштардын адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандыруу актуалдуу болуп турган шартта, бул повесть аркылуу аларга адамгерчилик, боорукердик, адилеттүүлүк жана табиятка аяр мамиле кылуу сыяктуу баалуулуктарды жеткирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

«Ак кеме» — баланын көзү менен дүйнөнү таануу, турмуштагы катаалдыктарды аңдоону жана аларга жооп издөөнү көркөм чагылдырган чыгарма. Баланын ишеними, үмүтү жана жомок дүйнөсү анын таза, ыймандуу дүйнөгө болгон умтулуусунун белгиси катары берилет. Башкы каарман — ата-энесинин камкордугунан алыста өскөн бала. Ал чоңдордун дүйнөсүндөгү карама-каршылыктарга, жалганчылыкка жана таш боордукка туш болот. Бала чоңдордун мындай мамилесине каршы тура албай, акырында балык болуп, ак кемеге жетүүнү самап сууга түшөт.

Адамгерчилик, адеп-ахлак маселелери «Ак кеме» повестинде көркөм образдар аркылуу таасирдүү чагылдырылган. Жаратылыштагы асыл, кооз нерселерди сактоо, аны адамдын кызыкчылыгына туура пайдалануу, адамдарга орой мамиле кылбоо, адамды сыйлай билүү, аны зордук-зомбулуктан жана акарат кылуудан коргоо, адамдын эң назик сезимдерине, келечекке умтулган ой-кыялдарына, фантазиясына жол берүү сыяктуу маселелер «Ак кеме» повестинде таасирдүү ачылып берилген. Жазуучу мунун баарын жыйынтыктап, мындай деп жазган: «Мындагы гумандуулуктун чен-өлчөмү адамдын жаратылышка кылган мамилесинде. Мына ушундан нравалуулуктун проблемасы — адамды дүйнөдөгү башка нерселерден айырмалоочу сапаттардын бири, аң-сезимдин маанилүү функциясынын бири болгон уят проблемасы табигый түрдө келип чыгат» [1].

Ырас, азыркы адамдарды 20–30-жылдардагы адамдар менен салыштырууга болбойт. Адамдар азыр көп жагынан өзгөрдү, маданияттуу, билимдүү, сөздүн төркүнүн баамдай билген сезгич, баамчыл, ал түгүл назик да болушту. Кыскасы, көп нерсеге жетиштик. Бирок арабызда көптөгөн жакшы сапаттарды жоготуп, терс көрүнүштөргө ыктап кеткен адамдардын бар экени да ырас. «Ак кемедеги» зөөкүр Орозкул жана зилинде жакшы адам болгону менен, турмуштук активдүү позициясы жок Момун биздин эсибизге көп нерсени салат. Бул образдар адамдарды адеп-ахлактуулукка тарбиялоо багытында дагы далай иштерди жүргүзүү зарылдыгын эске салат. Ал эми ар-намыс, уят жана адамдык асыл сапаттардын баланын наристе сезиминде жашап тургандыгын повестти окуган адам баамдабай койбойт [2].

Бул окуянын артында зор тарбиялык маани жатат. Айтматов жомок менен реалдуулукту айкалыштырып, баланын дүйнөсүн терең жана кылдат сүрөттөйт. Чыгармада адеп-ыйман маселелери көркөм чагылдырылып, чоңдордун дүйнөсүндөгү моралдык нормаларга туура келбеген көрүнүштөр — зомбулук, ичкилик, убададан тайуу жана башка терс көрүнүштөр ачык көрсөтүлөт. Мындай көрүнүштөр баланын үмүтүн, дүйнөгө болгон ишенимин акырындап талкалап отурат. Балага жакын адамдардын мамилеси менен айрым чоңдордун таш боордугунун ортосундагы карама-каршылык да

чыгармада таасирдүү берилген. Жазуучу чоңдордун моралдык жоопкерчилигин жоготуусу баланын жан дүйнөсүнө кандай терс таасир тийгизерин таасын көрсөтөт. Ал эми ак кеме баланын үмүтүнүн, кыялындагы башка дүйнөгө умтулуусунун символу катары берилет.

Биздин оюбузча, Ч. Айтматовдун бул чыгармасы азыркы жаштардын руханий дүйнөсүн түшүнүүгө чоң мүмкүнчүлүк берет. Анткени бала аркылуу берилген дүйнө — коомдогу олуттуу маселелердин көркөм чагылышы. Повестте Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү уламыш баланын ишениминин жана үмүтүнүн маанилүү булагы катары берилет. Бул руханий дөөлөттөр менен турмуштук реалдуулуктун ортосундагы карама-каршылыкты терең аңдоого мүмкүндүк берет.

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөрдө «Ак кеме» повести тууралуу төмөнкүдөй ойлор айтылган: бугунун өлтүрүлүшүнө Орозкул, Сейдакмат жана Момун катышат. Орозкул — үч короонун үстүнөн бийлик жүргүзгөн адам, Сейдакмат — эч кимге зыяны жок, өз оокаты менен алек болгон адам, ал эми Момун — балага Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомокту айтып, анын чындыгына ишендирген адам. Бирок окуянын трагедиялуу өнүгүшүндө Момун да өзү ыйык тутуп келген ишенимге каршы жасалган ишке аралашып калат. Повестте баланын бул окуяны кабыл алуусу төмөнкүдөй сүрөттөлөт: «Бала тиштенип кыймылсыз жатты. Ал жүрөгү айлангандан карманып тиштенбеди, бугуну өлтүрүп, этин жеп жаткан кишилерди эч нерсе кыла албаган алсыздыгына жаны кашайып, ыйлап жиберүүдөн карманып тиштенип жатты. Чынында да баланын колунан келер айласы жок болчу. Ишенген таятасы Момун өзү мас болуп, кемегенин күлүнө оонап жаткан. Эми эмне кылыш керек? Жалгыз гана айла: балык болуп кубулуп кетиш. Балык болуп кубулуу — бул Ак кемеге жетүүнүн бирден-бир жолу» [3, 299-б.].

Айтматовдун чыгармалары бала кезден эле терең ой жүгүртүүгө түрткү берет. «Ак кеме» повестиндеги баланын дүйнөсү азыркы жаштардын руханий дүйнөсү менен үндөшүп тургандай таасир калтырат. Жашоонун чындыгы менен балалык үмүттүн кагылышы, баланын келечекке болгон ишеними терең ойго салат. Бала образы таза сезимдин, ак тилектин символу катары кабыл алынат.

Практикалык иштерде байкалгандай, окуучулар менен «Ак кеме» повестин талкуулоо жана айрым эпизоддорун сахналаштыруу алардын чыгармадагы ойлорду тереңирээк түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Адабият сабагында адеп-ахлак темасын жеткиликтүү түшүндүрүүдө чыгармадагы образдарды жандуу талкуулоонун мааниси чоң. Адабият — бул жөн гана көркөм текст эмес, ал окуучунун жашоого болгон мамилесин калыптандырууга өбөлгө түзгөн каражат. Ошондуктан «Ак кеме» повестин окутууда окуучулар менен ишеним, боорукердик, акыйкаттык жөнүндө пикир алышуу тарбиялык чоң мааниге ээ.

Мектепте бул чыгарманы окутууда бир катар усулдарды колдонууга болот. Алардын бири — диалогдук усул. Мында окуучулар менен каармандардын адеп-ахлактык тандоолору жана иш-аракеттери жөнүндө ачык пикир алышуу жүргүзүлөт. Жомок менен реалдуулукту салыштыруу усулунда баланын ишеними чоңдордун дүйнөсүндөгү көрүнүштөр менен салыштырылып талданат. Көркөм окуу жана талдоо учурунда, өзгөчө, Ак кемеге байланыштуу эпизоддор окулуп, алардын символикалык мааниси чечмеленет жана окуучулардын көркөм окуу көндүмдөрүн калыптандырууга көңүл бурулат.

Сценарий жазуу жана сахналаштыруу да чыгарманы терең түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Баланын ички дүйнөсүн чагылдырган эпизоддорду сахналаштыруу, каармандардын ролуна кирүү аркылуу окуучулар алардын дүйнө таанымын жана иш-аракеттеринин себептерин түшүнүүгө аракет кылышат. Ошондой эле тарбиялык мүнөздөгү суроолорду берүү окуучулардын логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталат. Мисалы: «Эмне үчүн бала Ак кемеге жетүүнү каалады?», «Чоңдордун жоопкерчилиги кандай болушу керек?», «Бала эмне үчүн Бугу-Энеге ишенди?», «Чоңдордун адепсиз мамилеси балага кандай таасир берди?» деген суроолордун негизинде пикир алышууга болот. Каармандарды талдоодо «Каармандардын кайсынысынын иш-аракетинен адамгерчилик сапаттар көрүнөт?», «Чыгарма кийинки муунга кандай тарбиялык таасир бере алат?» деген суроолорду да пайдаланууга болот. Мындай талкуулар окуучулардын адамгерчилик баалуулуктардын маанисин түшүнүүсүнө, туура жана туура эмес иш-аракеттерди айырмалай

билүүсүнө өбөлгө түзөт.

«Ак кеме» — жөн гана кайгылуу окуяны баяндаган чыгарма эмес, анда адеп-ыймандык баалуулуктардын бузулушу трагедиялуу өңүттө көркөм чагылдырылган. Айтматовдун чыгармасы жаштарды адептүүлүк, боорукердик, ишеним, табиятка болгон урмат-сый жана адамдык асыл сапаттар жөнүндө терең ой жүгүртүүгө үндөйт. Мугалимдин максаты — чыгармадагы бул идеяларды окуучуларга жөн гана түшүндүрүп берүү эмес, алардын маанисин аңдап-түшүнүүсүнө жана турмуш менен байланыштыра билүүсүнө өбөлгө түзүү.

«Ак кеменин» жарык көрүшү адабий чөйрөдө көптөгөн талаш-тартыштарды жаратып, чоң кызыгууну туудурган. Акыры талкууга жазуучу өзү да аралашып, чыгарманын жыйынтыгына байланыштуу пикирин мындайча билдирген: «Ак кемедеги» баланын өлүмү аркылуу мен түк да жамандык жакшылыкты сүрүп чыгарын көрсөткөн жерим жок, менин көздөгөн максатым — ак иштин арыбас экендигин ачып берүү, ал үчүн кейипкер өз жанын кыйып болсо да күрөшө тургандыгын көрсөтүү. Албетте, анын канчалык деңгээлде жүзөгөашты — окуучулар өздөрү аныкташаар. Жеңиш эч качан Орозкул тарапта эмес, кыңыр иш кыңыр бойдон калат. Ырас, бала мерт болду. Бирок анын адамдык абийири, ыймандык зоболосу бийик бойдон калды» [4].

Повесттин образдар системасы, алардын символдук, метафоралык жана шарттуу көркөм дүйнөсү чыгаан адабиятчы, жазуучунун чыгармачылык жактан сырдаш, үзөңгүлөш досу Георгий Гачев тарабынан кеңири чечмеленген. Г. Гачев Ак кеме сүзгөн көлдү Көк Теңирдин, асмандын чагылуусу, эгизи, кеңирсип чалкып жаткан чексиздик катары, ал эми тар, чектелүү дүйнөнү — Орозкулдун бийлигиндеги Кордонду — ага антитезалык образ катары чечмелейт. Бала Орозкул менен Момундун күнөөлөрү үчүн жазаны өзү тартып, акырында алардын өз күнөөлөрүн аңдап, тазаруу жолуна түшүшүнө шарт түзгөн образ катары бааланат [5, 286-б.].

Повесттеги бала — келечектин символу, адамдык бийик сапаттарды, балалык тазалыкты жана абийирди алып жүргөн образ. Анын трагедиялуу тагдыры ыйык Бугу-Энеге кол көтөргөн чоңдордун ар-намысы, абийири жана ыйманы жөнүндө терең ой жүгүртүүгө түрткү берет.

XX кылымда ыйман, адеп-ахлак, абийир, ар-намыс, улуттук аң-сезим сыяктуу маселелерди көркөм чагылдыруу жагынан «Ак кеме» Борбор Азия адабиятында, ошондой эле ошол мезгилдеги совет адабиятында өзгөчө орунду ээлеген чыгармалардын бири болуп саналат. Повесттин идеялык-көркөм түзүлүшүндө Момундун образы маанилүү орунду ээлейт. Анын образы аркылуу чыгармадагы элдик тарбия, муундар ортосундагы байланыш жана адамдын адеп-ахлактык жоопкерчилиги сыяктуу маселелер ачылат.

Кыргыз элинин тарбиялоо салттарында чоң аталар менен чоң энелердин балдарды, жалпы эле кийинки мууну тарбиялоодо өзгөчө орду бар. Бала менен Момундун мамилесинен да ушул салттын көрүнүшүн байкоого болот. Бала — тарбиялануучу, Момун — тарбиячы. Момун элдик тарбиялык салттарды алып жүрүүчү жана аларды кийинки муунга өткөрүп берүүгө милдеттүү инсан катары сүрөттөлөт. Ал өзүнө жүктөлгөн бул милдеттин жоопкерчилигин түшүнүп, элдик нускаларды кийинки муунга өткөрүп берүүгө аракет кылат. Бирок окуянын өнүгүшүндө ал бирде өзүнүн тарбиялык максатына жетсе, бирде турмуштук жагдайлардын алдында алсыздык кылып, акырында өзү аздектеп келген адеп-ахлактык жана тарбиялык принциптерине каршы иш жасоого аргасыз болот. Мунун натыйжасында небересинин ага болгон ишеними да кыйрайт.

«Ак кеме» повестинин көркөм түзүлүшүндө баланын эки жомогу маанилүү орунду ээлейт. Алардын бири — таятасынан уккан Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок. Бул жомок өзүнүн мазмуну, ар бир сөзү жана насааттык мааниси аркылуу баланын руханий дүйнөсүнө таасир этүүчү тарбиялык кызмат аткарат. Момун тарбиячы катары небересинин зээндүүлүгүн баалап, анын айлана-чөйрөнү таанып-билүүсүнө өбөлгө түзөт. Кыргыз баласы катары анын таанып-билүү чөйрөсүнүн негизин кыргыз жаратылышы түзөт.

Баланын таштарга ат коюп алышы — анын табиятты таанып-билүүсүнүн гана эмес, жаратылыш көрүнүштөрүн адамдар жана башка нерселер менен салыштырып, ассоциация түзө билүүсүнүн да көрүнүшү. Анын дүйнөсүндө адамдар сыяктуу эле таштар да «жаман», «жакшы», «митаам», «макоо»

деген сапаттарга ээ болуп, жөнөкөй жансыз нерседен баланын элестетүүсүндө жандуу образга айланат. Мындай дүйнөнү баланын өзгөчө кабылдоосу аркылуу гана көрүүгө болот. Айланасындагы көк тикен, чырмоок, шыралжын сыяктуу өсүмдүктөрдүн ар биринин өзгөчөлүктөрүн, өсүү шарттарын жана аларга берилген образдык мүнөздөмөлөрдү бала жакшы ажыратат: алардын бирин жактырбаса, экинчисин «эстүү чөбүм» деп эркелетет [6, 127-б.].

Бала — таза, ыймандуу дүйнөнүн өкүлү. Ал чоңдордун дүйнөсүндөгү зулумдукка жана адепсиздикке каршы турган образ катары сүрөттөлөт. Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок аркылуу бала ыйыктыкты, адам менен табияттын гармониялуу байланышын түшүнөт.

«Ак кеме» повести жарык көргөндөн кийин адабий чөйрөдө чыгарманын трагедиялуу аякташына байланыштуу ар түрдүү пикирлер айтылган. Айрым сынчылар повестти пессимисттик маанайдагы чыгарма катары баалашкан. Алар чыгарманын финалында Орозкулдан башка каармандардын руханий жактан жеңилүүгө дуушар болушун зомбулуктун үстөмдүгү катары чечмелешкен.

Корутунду. Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повести — адеп-ыйман маселелерин көркөм сөздүн күчү аркылуу чагылдырган терең философиялык чыгарма. Адамдык нарк, руханий тазалык, балалык ишеним жана мифтик дүйнө менен турмуштук чындыктын карама-каршылыгын сүрөттөө аркылуу жазуучу коомдогу адеп-ахлактык баалуулуктардын бузулушун көркөм ачып көрсөтөт. Повесттеги баланын образы аркылуу ыйман, адеп, ишеним жана үмүт сыяктуу түшүнүктөрдүн адам турмушундагы мааниси терең чагылдырылат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө «Ак кеме» повестинин тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү андагы каармандардын образдары, жомок менен реалдуулуктун карым-катышы жана чыгармада көтөрүлгөн адеп-ыймандык маселелер менен тыгыз байланышта экени аныкталды. Бала, Момун, Орозкул сыяктуу каармандардын иш-аракеттерин талдоо окуучуларга жакшылык менен жамандыкты, адамгерчилик менен таш боордукту, жоопкерчилик менен кайдыгерликти салыштырып баалоого мүмкүнчүлүк берет. Ал эми Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү уламыш адам менен табияттын байланышын, руханий дөөлөттөрдү жана аларды сактоонун маанисин түшүндүрүүдө өзгөчө тарбиялык мааниге ээ.

Повестти окутууда диалогдук усулду, көркөм окууну жана талдоону, жомок менен реалдуулукту салыштырууну, сахналаштырууну, каармандардын ролуна кирүүнү жана проблемалык суроолордун негизинде пикир алышууну колдонуу окуучулардын чыгарманын идеялык мазмунун тереңирээк түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Мындай иштер окуучулардын логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, адеп-ахлактык баалуулуктар жөнүндө өз алдынча ой жүгүртүүсүнө жана каармандардын иш-аракеттерине баа бере билүүсүнө багытталат.

Демек, «Ак кеме» — кайгылуу окуяны баяндаган көркөм чыгарма гана эмес, адамдык абийир, ыйман, руханий тазалык, табиятка аяр мамиле жана коомдук жоопкерчилик маселелерин терең козгогон чыгарма. Аны адабият сабагында максаттуу жана чыгармачылык менен окутуу окуучулардын чыгарманын көркөм-идеялык мазмунун өздөштүрүүсүнө гана эмес, адамгерчилик баалуулуктардын маанисин аңдап-түшүнүүсүнө да өбөлгө түзөт. Ушул жагынан алганда, «Ак кеме» повестинин жаш муунду адеп-ыймандык жактан тарбиялоодогу мааниси бүгүнкү күндө да актуалдуулугун сактап келет.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов Ч. Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Фрунзе: Кыргызстан, 1988. – 140 б.
2. Айтматов Ч. Т. чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр: 3 томдук. – Бишкек, 2018.
3. Асаналиев К. Тандалмалар. – Фрунзе, 1983. – Б. 24–48.
4. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: Шекер айылы жана аалам. – Бишкек, 2018. – 281 б.
5. Муратов А. Ч. Айтматов – жазуучу-этнопедагог: монография. – Бишкек, 2006. – Б. 137–190.
6. Гачев Г. Чингиз Айтматов в свете мировой литературы. – Фрунзе, 1989. – 286 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Саттарова А.Т.